**Валюта рыногу**

*(2017-жылдын июнь айы)*

Валюта рыногунда отчеттук мезгил ичинде жыл башындагы көрсөткүчкө салыштырганда америка валютасынын алмашуу курсунун бир аз, 1 АКШ доллары үчүн 69,2301 сомдон 69,1367 сомго чейин (-0,1 пайыз) төмөндөшү байкалган. Рынок катышуучуларынын валютага суроо-талабы, өткөн ай ичинде сыяктуу эле, негизинен, банктардын конвертациялык операцияларынан, нак эмес акчага айландыруудан, акча каражаттарын депозитке жайгаштыруудан, ошондой эле акча которуудан алынган АКШ долларынын эсебинен колдоого алынган.

Отчеттук мезгил ичинде банктар аралык валюта тооруктарынын чогуу алгандагы жүгүртүүсү ай ичинде 5,0 пайызга, 31,1 млн АКШ долларына чейин жогорулаган. Мында, банктар аралык валюта тооруктарында өткөн айдагыдай эле, бүтүмдөр коммерциялык банктар ортосунда гана келишилген. Кароого алынган мезгил ичинде Улуттук банк валюталык интервенцияларды ишке ашырган эмес.

Чет өлкө валютасын сатып алуу-сатуу боюнча операциялардын жалпы көлөмү өткөн айдагы ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда 4,3 пайызга төмөндөө менен 38,6 млрд сом чегинде түптөлгөн. Бул, алмашуу бюролорунун нак акча менен операциялар көлөмүнүн 17,0 пайызга, 13,3 млрд сомго чейин, ал эми коммерциялык банктардын нак эмес акча каражаттары менен ишке ашырылган операцияларынын 2,9 млрд сомго чейин (-6,9 пайыз) төмөндөшүнөн улам келип чыккан. Коммерциялык банктардын нак акча менен операцияларынын көлөмү, тескерисинче, 5,7 пайызга, 22,4 млрд сомго чейин өскөн.

Ошентип, чет өлкө валютасындагы операциялар түзүмүндө олуттуу үлүштү коммерциялык банктардын нак акча менен операциялары ээлеген, ал 58,0 пайызды (+5,4 п.п.) түзгөн, алмашуу бюролорунун нак акча менен операциялары – 34,4 пайыз (-5,3 п.п.) жана коммерциялык банктардын нак эмес акча түрүндө операциялары – 7,6 пайыз (-0,2 п.п.) чегинде катталган.

Отчеттук мезгил ичинде валюталарды түрлөрү боюнча бөлүштүрүүдө АКШ долларында операциялардын (-0,2 пайызга) жана орус рублинде операциялардын (-10,5 пайызга) төмөндөөсү байкалган. Мында, евро жана казак тенгесинде операциялар, тиешелүүлүгүнө жараша 1,1 жана 3,6 пайызга жогорулаган. Ушундан улам, операциялардын жалпы көлөмүндө валюталардын үлүштүк катышы төмөнкүчө катталган: америка долларындагы операциялардын салыштырма салмагы 57,7 пайыз (+2,4 п.п.), орус рублиндеги операциялардын үлүшү - 38,2 пайыз (-2,7 п.п.), евро түрүндө операциялардын үлүшү - 2,2 пайыз (+0,1 п.п.), казак тенгесинде - 1,9 пайыз (+0,1 п.п.).

Кароого алынган мезгил ичинде Улуттук банк коммерциялык банктар менен СВОП-операцияларды жүргүзгөн эмес.

**1-график. Коммерциялык банктарда нак эмес АКШ долларынын таза агылып кирүүсү (агылып чыгуусу) (млн АКШ долларында)**




**2-график. Банктар аралык валюта тооруктарында АКШ доллар курсунун динамикасы**




**3-график. Коммерциялык банктарда нак эмес жана нак долларынын сатуу курстарынын динамикасы**



**4-график. Алмашуу бюролорунда АКШ доллар курсунун динамикасы**




**5-график. Алмашуу бюролорунда негизги валютар курсунун, алмашуу бюролорунда жана дүйнөлүк рынокторунда АКШ доллар курсунун өзгөрүү арымдарынын динамикасы**




**1-таблица. Операциялардын түрлөрү боюнча чет өлкө валютасын сатып алуу жана сатуу көлөмү (сом)**

*миң сом*

| Мезгил аралыгы | | Жалпы операциялардын көлөмү | Комм. банктардын накталай эмес | | Комм. банктардын накталай | | Алмаштыруу бюролордун накталай операциялары | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | Операциялардын көлөмү | Үлүш (%) | Операциялардын көлөмү | Үлүш (%) | Операциялардын көлөмү | Үлүш (%) |
| 2016 | 06 | 36 827,9 | 5 009,8 | 13,6 | 17 788,5 | 48,3 | 14 029,6 | 38,1 |
| | 07 | 34 708,9 | 5 748,0 | 16,6 | 16 374,1 | 47,2 | 12 586,9 | 36,3 |
| | 08 | 42 431,9 | 4 698,6 | 11,1 | 21 022,2 | 49,5 | 16 711,2 | 39,4 |
| | 09 | 38 716,7 | 4 607,9 | 11,9 | 18 969,7 | 49,0 | 15 139,1 | 39,1 |
| | 10 | 36 794,2 | 3 323,4 | 9,0 | 18 462,2 | 50,2 | 15 008,6 | 40,8 |
| | 11 | 34 313,4 | 4 179,0 | 12,2 | 17 218,0 | 50,2 | 12 916,3 | 37,6 |
| | 12 | 34 447,2 | 3 348,7 | 9,7 | 18 829,0 | 54,7 | 12 269,5 | 35,6 |
| 2017 | 01 | 30 124,9 | 4 716,7 | 15,7 | 14 345,3 | 47,6 | 11 062,9 | 36,7 |
| | 02 | 28 407,2 | 2 906,1 | 10,2 | 14 907,4 | 52,5 | 10 593,7 | 37,3 |
| | 03 | 38 033,4 | 3 370,5 | 8,9 | 19 541,2 | 51,4 | 15 121,7 | 39,8 |
| | 04 | 35 522,7 | 3 911,6 | 11,0 | 18 998,5 | 53,5 | 12 612,6 | 35,5 |
| | 05 | 40 313,7 | 3 129,4 | 7,7 | 21 173,7 | 52,5 | 16 010,6 | 39,7 |
| | 06 | 38 576,2 | 2 914,2 | 7,6 | 22 379,7 | 58,0 | 13 282,4 | 34,4 |

**2-таблица. Валюталар боюнча чет өлкө валютасын сатып алуу жана сатуу көлөмү (сомдук эквивалентте)**

*млн. сом*

| Мезгил аралыгы | | Жалпы операциялардын көлөмү | АКШ доллары | | Евро | | Орус рубли | | Казак теңгеси | | Жана башкалар | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | көлөм | көлөм | үлүш | көлөм | үлүш | көлөм | үлүш | көлөм | үлүш | көлөм | үлүш |
| 2016 | 06 | 36 827,9 | 21 745,2 | 59,1 | 675,5 | 1,8 | 13 751,6 | 37,3 | 645,8 | 1,8 | 9,9 | 0,0 |
| | 07 | 34 708,9 | 20 702,2 | 59,6 | 863,5 | 2,5 | 12 356,2 | 35,6 | 773,9 | 2,2 | 13,1 | 0,0 |
| | 08 | 42 431,9 | 24 457,1 | 58,1 | 942,2 | 1,7 | 15 542,0 | 38,9 | 1 466,0 | 1,3 | 24,6 | 0,0 |
| | 09 | 38 716,7 | 22 917,0 | 59,7 | 892,6 | 1,9 | 14 050,4 | 37,9 | 843,2 | 0,5 | 13,5 | 0,0 |
| | 10 | 36 794,2 | 22 164,2 | 60,2 | 920,4 | 2,5 | 12 791,7 | 34,8 | 904,8 | 2,5 | 13,0 | 0,0 |
| | 11 | 34 313,4 | 21 600,1 | 62,9 | 896,8 | 2,6 | 10 984,6 | 32,0 | 818,1 | 2,4 | 13,7 | 0,0 |
| | 12 | 34 447,2 | 20 983,3 | 60,9 | 818,2 | 2,4 | 11 918,4 | 34,6 | 713,5 | 2,1 | 13,7 | 0,0 |
| 2017 | 01 | 30 124,9 | 19 473,2 | 64,6 | 839,1 | 2,8 | 9 233,9 | 30,7 | 567,1 | 1,9 | 11,6 | 0,0 |
| | 02 | 28 407,2 | 17 028,7 | 59,9 | 844,8 | 3,0 | 9 926,5 | 34,9 | 596,7 | 2,1 | 10,4 | 0,0 |
| | 03 | 38 033,4 | 21 831,5 | 57,4 | 1 261,5 | 3,3 | 14 242,5 | 37,4 | 687,9 | 1,8 | 10,0 | 0,0 |
| | 04 | 35 522,7 | 21 324,3 | 60,0 | 830,4 | 2,3 | 12 692,8 | 35,7 | 665,2 | 1,9 | 10,0 | 0,0 |
| | 05 | 40 313,7 | 22 297,3 | 55,3 | 842,9 | 2,1 | 16 455,8 | 40,8 | 707,8 | 1,8 | 9,9 | 0,0 |
| | 06 | 38 576,2 | 22 251,5 | 57,7 | 851,9 | 2,2 | 14 723,5 | 38,2 | 733,1 | 1,9 | 16,2 | 0,0 |

**3-таблица. Четөлкө валюталарынын сомго карата курсу боюнча маалыматтар**

| Мезгил аралыгы | | Айдын акырына карата эсептик курс | | | | Бир ай ичинде эсептик курстун четтөөсү | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | АКШ доллары | Евро | Орус рубли | Казак теңгеси | АКШ доллары | Евро | Орус рубли | Казак теңгеси |
| 2016 | 06 | 67,4860 | 74,6530 | 1,0502 | 0,1992 | -1,2% | -1,8% | 1,6% | -1,7% |
| | 07 | 67,9699 | 75,4364 | 1,0137 | 0,1930 | 0,7% | 1,0% | -3,5% | -3,1% |
| | 08 | 68,8260 | 76,9853 | 1,0575 | 0,2031 | 1,3% | 2,1% | 4,3% | 5,2% |
| | 09 | 67,9346 | 76,1853 | 1,0756 | 0,2027 | -1,4% | -1,0% | 1,3% | -0,3% |
| | 10 | 68,6538 | 74,8704 | 1,0914 | 0,2062 | 1,1% | -1,7% | 1,5% | 1,7% |
| | 11 | 69,1565 | 73,2575 | 1,0648 | 0,2033 | 0,7% | -2,2% | -2,4% | -1,4% |
| | 12 | 69,2301 | 72,8439 | 1,1413 | 0,2079 | 0,1% | -0,6% | 7,2% | 2,3% |
| 2017 | 01 | 69,1338 | 73,9386 | 1,1491 | 0,2121 | -0,1% | 1,5% | 0,7% | 2,0% |
| | 02 | 69,1298 | 73,1324 | 1,1932 | 0,2213 | 0,0% | -1,1% | 3,8% | 4,3% |
| | 03 | 68,6069 | 73,6358 | 1,2169 | 0,2179 | -0,8% | 0,7% | 2,0% | -1,5% |
| | 04 | 67,5000 | 73,5818 | 1,1845 | 0,2147 | -1,6% | -0,1% | -2,7% | -1,5% |
| | 05 | 68,0492 | 75,8068 | 1,2041 | 0,2189 | 0,8% | 3,0% | 1,7% | 2,0% |
| | 06 | 69,1367 | 78,9956 | 1,1701 | 0,2151 | 1,6% | 4,2% | -2,8% | -1,7% |

**4-таблица. Алмашуу бюролорунда четөлкө валюталарынын сомго карата курсу боюнча маалыматтар**

| Мезгил аралыгы | | Бир ай ичиндеги орточо маржа | | | | Валюталарды сатуу курсунун орточо | | | | Бир ай ичинде валюталарды сатуу курсунун | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | АКШ доллары | Евро | Орус рубли | Казак теңгеси | АКШ доллары | Евро | Орус рубли | Казак теңгеси | АКШ доллары | Евро | Орус рубли | Казак теңгеси |
| 2016 | 06 | 0,1% | 0,6% | 0,4% | 0,9% | 0,1% | 0,1% | 0,5% | 0,2% | -1,3% | -1,7% | 1,4% | -1,2% |
| | 07 | 0,0% | 1,1% | 1,4% | 1,4% | 0,1% | 0,3% | 1,4% | 1,4% | 0,9% | 0,4% | -1,7% | -3,5% |
| | 08 | 0,4% | 0,9% | 0,9% | 2,9% | 0,1% | 0,3% | 0,3% | 0,3% | 1,3% | 1,3% | 3,9% | 4,7% |
| | 09 | 0,3% | 0,9% | 0,8% | 2,1% | 0,1% | 0,2% | 0,3% | 0,3% | -1,4% | 0,3% | 0,8% | 0,5% |
| | 10 | 0,3% | 1,2% | 0,8% | 2,2% | 0,1% | 0,2% | 0,3% | 0,3% | 1,0% | -1,9% | 1,8% | 0,4% |
| | 11 | 0,1% | 0,8% | 0,8% | 1,9% | 0,1% | 0,3% | 0,3% | 0,2% | 0,7% | -1,9% | -2,4% | -0,7% |
| | 12 | 0,1% | 0,5% | 0,3% | 0,8% | 0,0% | 0,2% | 0,4% | 0,2% | 0,0% | -1,1% | 7,3% | 2,5% |
| 2017 | 01 | 0,1% | 0,4% | 0,3% | 0,8% | 0,1% | 0,3% | 0,3% | 0,1% | 0,0% | 1,8% | 1,4% | 1,4% |
| | 02 | 0,2% | 0,4% | 0,3% | 0,8% | 0,0% | 0,2% | 0,4% | 0,2% | 0,0% | -0,9% | 3,2% | 4,5% |
| | 03 | 0,1% | 0,4% | 0,2% | 0,8% | 0,1% | 0,3% | 0,2% | 0,1% | -0,9% | 0,1% | 2,1% | -1,4% |
| | 04 | 0,2% | 0,4% | 0,2% | 0,8% | 0,1% | 0,3% | 0,2% | 0,1% | -1,2% | 0,5% | -2,5% | -1,1% |
| | 05 | 0,2% | 0,5% | 0,2% | 0,8% | 0,1% | 0,2% | 0,4% | 0,2% | 0,5% | 3,1% | 1,1% | 1,2% |
| | 06 | 0,1% | 0,5% | 0,2% | 0,8% | 0,1% | 0,2% | 0,3% | 0,2% | 1,7% | 4,1% | -2,6% | -1,5% |